## ПОЛИТОЛОГИЯ

**УДК 004.2**

***Арыпбекова К. Б., Искендеров А. У.***
*КГУ им. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***K. B. Arypbekova, A.U. Iskenderov***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# УЛУТТУК КООПСУЗДУК СИСТЕМАСЫНДАГЫ МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР

# ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ В СИСТЕМЕ НАЦИОНАЛЬНОЙ БЕЗОПАСНОСТИ

# INFORMATION TECHNOLOGY IN THE NATIONAL SECURITY SYSTEM

***Аннотация:*** *Бүгүнкү дүйнөдө Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугу көп жагынан маалыматтык-психологиялык талаанын корголуу даражасы жана коомдун маалыматтык чөйрөсүнүн эффективдүүлүгү менен аныкталат. Коопсуздуктун жана коркунучтун мазмунун жана маңызын комплекстүү караган методдордун бири ишмерчилдик ыкмасы болуп эсептелет. Ушул ыкмага ылайык коопсуздукту камсыз кылуу субъект-объективдүү өз ара аракет катары каралат, андан башка дагы компоненттерди – максатты, керектөөнү, шарттарды, каражаттарды жана методдорду ж.б. караса болот.*

***Негизги сөздөр:*** *улуттук коопсуздук;маалыматтык технология;социалдык коопсуздук; экономикалык коопсуздук; масс-медиа; телекоммуникация; инфосфера; биосфера; ноосфера.*

***Аннотация:*** *Национальная безопасность Кыргызской Республики в современном мире во многом определяется степенью защищенности информационно-психологического поля и эффективностью информационной сферы общества. Одним из методов комплексного рассмотрения сущности и содержания опасности и безопасности является деятельностный подход. Согласно этому подходу обеспечение безопасности рассматривается как субъект-объектное взаимодействие, в котором модно выделить и другие компоненты – цели, потребности, условия, средства и методы и т.д.*

***Ключевые слова:*** *национальная безопасность; информационные технологии; экономическая безопасность; социальная безопасность; масс-медиа; телекоммуникация; инфосфера; биосфера; ноосфера.*

***Anatation:*** *The national security of the Kyrgyz Republic in the modern world is largely determined by the degree of protection of the information and psychological field and the effectiveness of the information sphere of society. One of the methods of comprehensive consideration of the essence and content of danger and safety is the activity approach. According to this approach, security is considered as a subject-object interaction, in which it is fashionable to identify other components - goals, needs, conditions, means and methods, etc.*

***Key words:*** *national security; information technology; economic security; social security; mass media; telecommunications; the infosphere; the biosphere; the noosphere.*

Коомду өнүгүүнүн бүгүнкү этабы маалыматты калыптандыруу, таратуу жана пайдалануу системасын, маалыматтык инфраструктуралардын, маалыматтык ресурстардын жыйындысын билдирген маалыматтык чөйрөнүн жогорулап бараткан ролу жана ошондой эле ушундан чыгып жаткан коомдук мамилелерди жөнгө салуу системалары менен түшүндүрүлөт. Азыркы мезгилде адамдын, коомдун, мамлекеттин эң маанилүү кызыкчылыктарынын көбү бир топ даражада аларды курчаган маалыматтык чөйрөнүн абалы менен аныкталат. Ошондон улам маалыматтык коопсуздук калган коопсуздуктардын баарын «чиркештирген» улуттук коопсуздуктун маанилүү компоненти катары каралат деп айтсак болот.

Коопсуздуктун тигил же бул түрлөрүнүн приоритеттүүлүгү төмөнкү факторлор менен аныкталат:

- жарандардын, коомдун, мамлекеттин жана дүйнөлүк коомчулуктун керектөөсү менен;

- адамдардын жана мамлекеттин жашоосундагы маанилүү объектилердин талылуу жактары коопсуздуктун ушул түрүн бекемдөөгө күч аракеттерди топтош турбаса көбөйүп кетиши;

- коопсуздуктун ушул түрлөрү карама-каршы тура турган коркунучутардын бар экени. Ушул факторлордун баары маалыматтык коопсуздукта каралат.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугу көп жагынан маалыматтык-психологиялык тала анын корголуу даражасы жана коомдун маалыматтык чөйрөсүнүн эффективдүүлүгү менен аныкталат.

Кийинки жылдары өнүгүп жаткан электрондук масс-медиа, ошондой эле социалдык желелер аларга көзөмөлдүн жоктугу колдонуучуларга негативдүү таасир берип жатат, ошолор, негизинен, жаштар жана активдүү турмуштук позициясы бар билимдүү адамдар. Ал аз келгенсип, Кыргызстандагы социалдык желелер, башка мамлекеттердегидей эле, коомго жат акцияларды өткөрүү жана диний-экстремисттик уюмдарга киргизүү үчүн аянтча катары айдаланылып жатат, ага биздин өлкөдө болуп жаткан окуялар күбө.

Ушундан улам Кыргыз Республикасынын телекоммуникациялар тармагындагы стратегиялык максаты улуттук маалыматтык структураны өнүктүрүүнү иштеп чыгуу, анын глобалдык маалыматтык желелерди жана системаларды пайдалануу процесстерине активдүү катышуусун камсыз кылуу, техникалык жана маалыматтык ресурстарга ээ болуу үчүн курчуп бараткан эл аралык конкуренциянын шартында дүйнөлүк маалыматтык мейкиндикке кирүү болуш керек. Өлкөнүн бийлик структураларынын маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өркүндөтүү боюнча чараларды көрүп жатканына карабай, республикада болуп жаткан ички социалдык-саясий окуялар Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн улуттук маалыматтык мейкиндикти калыптандыруу, массалык жана коммуникация системасын өнүктүрүү, эл аралык маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу системасында эң эле талылуу звено коом, маалыматтык жана телекоммуникациялык системалар болуп калды. Маалыматтык талаанын тарып жаткандыгынын натыйжасында өлкөнүн жашоочулары, асыресе айыл жеринде жашагандары, негативдүү маалыматтык-психологиялык таасирлердин курмандыгына айланууда. Бир тараптуу маалыматтын, мамлекеттин теңдештирилбеген маалыматтык-коммуникациялык саясатынын шартында айыл жериндеги калк көпчүлүк учурда диний-экстремисттик жана террористик уюмдардын таасирине туш болуп жатышат жана булл тенденция өсүүнүн үстүндө.

Өлкөнүн улуттук коопсуздугунун эң эле «сезгич» чөйрөсү үчүн, атап айтканда, экономикалык, коргонуу жана экологиялы ккоопсуздугу үчүн маанилүү делген ушул түзүмдөрдү карап көрөлү.

Экономикалык коопсуздук. Коомдун глобалдуу маалыматташтырылышы, маалыматтык техника жана жаңы маалыматтык технология каражаттарынын ылдамдап өнүгүшү, коомдун ар түркүн маалыматтык кызмат көрсөтүүлөргө болгон керектөөлөрүнүн өсүшү, акыркы он жылдыктарда улуттук жана глобалды кмаалыматтык-телекоммуникациялык системалардын калыптануусу экономиканын жаңы түрүнүн – маалыматтык экономиканын пайда болушуна алып келди.

Маалыматтык экономика өзүнө төмөнкү негизги компоненттерди камтыйт: маалыматтык техника каражаттарын, байланыш каражаттарын жана маалыматтарды берүүнү кошуп, өндүрүү; колдонуучуларга маалыматтык кызмат көрсөтүү. Иш жүзүндө маалыматтык экономика коомдук өнүгүүнүн бардык тарабына таасир берет. Маалыматтык экономиканын өнүгүшү жана тигил же бул өлкөнүн жаңы глобалдык маалыматтык мейкиндиктеги орду өнүккөн өлкөлөрдүн геосаясатында чечүүчү мааниге ээ болот.

Ошондой эле колдо бар маалыматтык-телекоммуникациялык технологияларды коргоо проблемасы да актуалдуу. Маалыматтык жана телекоммуникациялык системалардын өнүгүшү, алардын коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүнө киргизилиши коомдун, айрым адамдын

жашоо ишмердиги ошол каражаттардын үзгүлтүксүз иштешине,аларда топтолгон маалыматтарды жарандын, коомдун жана мамлекеттин мыйзамдуу кызыкчылыктарына карама-каршы келбеген максатта пайдалануунун кепилдигине көз карандылыгынын өсүшүнө алып келет.

Социалдык коопсуздук. Социалдык коопсуздук проблемасы эң маанилүү проблемалардын бири болгон жана ошо бойдон кала берет. Ал өлкөнүн жанасоциалдык чөйрөдөгү элдин кызыкчылыгын коргоо, социалдык структураны жана коомдогу мамилелерди өнүктүрүү, жашоону камсыз кылуу системасы жана адамдарды социалдаштыруу, азыркы жана келечектеги муундардын өскөн керектөөлөрүнө ылайык жашоо ыңгайы менен байланышат.

Коопсуздуктун жана коркунучтун мазмунун жана маңызын комплекстүү караган методдордун бири ишмерчилдик ыкмасы болуп эсептелет. Ушул ыкмага ылайык коопсуздукту камсыз кылуу субъект-объективдүү өз ара аракет катары каралат, андан башка дагы компоненттерди – максатты, керектөөнү, шарттарды, каражаттарды жана методдорду ж.б. караса болот.

«Коопсуздук деген бардык системанын нормалдуу иштешин жана өнүгүшүн камсыз кылган факторлордун жана шарттардын жыйындысын билдирет» [2,1]. Маалыматтык коопсуздук каалагандай масштабда көрүнгөн маалыматтык коркунучту таануу (жана жеңип өтүү) катары көрүнөт. Маалыматтык коопсуздуктун коркунучу жана опузасы аны камсыз кылуу боюнча ишмердиктин мазмунун аныктайт. Улуттук коопсуздук системасында маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуучу объектилер – адам, коом, мамлекет жана алардын инфосферадагы кызыкчылыктары. Ал эми маалыматтын коопсуздугун камсыз кыла турган негизги субъект мамлекет болуп эсептелет.

Туруктуу өнүгүүгө өтүү алкагында маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун бир нече жактарын бөлүп көрсөтсө болот. Биринчиден, коопсуздуктун каалаган түрүн, ошондой эле маалыматтык коопсуздуктун дагы камсыз кылуунун табигый негизи биосфераны сактоо болуп эсептелет. Экинчиден, маалыматтык коопсуздук методдору аркылуу көзөмөлдөнгөн маалыматташтыруу процессинин өнүгүшү коомдогу башка процесстердин өнүгүшү сыяктуу эле туруктуу өнүгүүгө өтүүгө жана ноосфераны калыптандырууга багытталыш керек. «XXI кылымдын башталышында мамлекеттин, коомдун жана личносттун бүтүндөй адамзат маданиятынын коопсуздугун камсыз кылуу коопсуздуктун өз өзүнчө айрым алынган объектилерине жана субъектилерине эле байланыштуу болбостон, ошондой эле бүтүндөй адамзаттык туруктуу өнүгүүгө өтүү этабына да байланыштуу болот». Үчүнчүдөн, туруктуу өнүгүү процессинин алкагында маалыматташтыруу трансформацияга учурайт, ошонун натыйжасында анын өнүгүшү адам, коом жана мамлекет үчүн коопсуз болуп калат. Төртүнчүдөн, маалыматтык коомду камсыз кылууда акцент коргонуудан ишмердиктин алдын алуу жана озунуп аракет кылуу факторлоруна жана механизмдерине жылдырылат. Эгерде туруксуз өнүгүү моделинде коопсуздук системасы реалдуу опузаларга жанажагымсыз натыйжаларга туш болсо, өнүгүүнүн жаңы моделинде коопсуздук системасы реалдуу опуза-коркунучтун алдын алууга багытталат. Бешинчиден, маалыматтык коопсуздукту мамлекеттик деңгээлде камсыз кылуу глобалдык маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууга көмөк көрсөтүш керек [3,1].

Кийинки жылдары өлкөдө маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн чаралар көрүлүп жатат, ошондой эле төмөнкүлөр түзүлгөн болчу: 2006-жылы –Маалыматтык ресурстардын, технологиялардын жана байланыштын улуттук агентствосу; 2007-жылы – Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу маселелери боюнча ведомстволор аралык комиссия; 2010-жылы КРдин өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик байланыш агентствосунун консультативдик кеңеши; 2014-жылы – Маданият, маалымат жана туризм министрлигине караштуу маалыматтык саясат боюнча кеңеш ж.б.

Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат Конституцияны жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоого, ошондой эле «Маалымат жөнүндө», «Маалыматка жетүү эркиндиги жана кепилдиги», «Байланыш жөнүндө», «Автордук укук жана чектеш укук жөнүндө», «Документтердин милдеттүү экземпляры

жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө», «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» мыйзамдарына жана Кылмыш кодексине, Кыргыз республикасынын жарандык кодексине ж.б. негизделет. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздук концепциясынын долбоорунун варианты иштелип жатат [4]. Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын өкмөтү маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууну өркүндөтүү боюнча комплекстүү иш чараларды ишке ашыруучу кадамдарды жасап жатат. Ошондой эле, маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун жана аны ишке ашыруу механизмдеринин укуктук базасы калыптанууда, маалыматтык чөйрөдө бүгүнкү күндөгү реалиялардын талаптарын эсепке алуу менен коомдук мамилелерди регламенттөөчү мыйзам долбоорун даярдоо боюнча иштер жүргүзүлүп жатат.

**Адабияттар:**


1. Кыргызская философия: учеб.пособие для студентов вузов /Ш.Б.Акмолдоева, И.А.Ашимов, А.А.Бекбоев, Г.Т.Ботоканова. Бишкек: Илим, 2010. 120 с.
2. Турен, А. От обмена к коммуникации: рождение программированного общества – М.: Прогресс, 1996.
3. Урсул А.Д. Обеспечение безопасности через устойчивое развитие// Безопасность Евразии. 2001. №1.
4. Централизованный банк данных правовой информации Кыргызской Республики http: //cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/5.


**Рецензент:** *д-р филос. наук, профессор Амердинова М. М.*